| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 3 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К.Турусбекова<br>_______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>_______________<br>2024-ж. «20» 11 |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстан тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн тартиби жөнүндө**

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо орто звенодогу адистерди даярдоо боюнча орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын билим алуучуларын аттестациялоо үчүн (ОКБ НКББП) И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде (мындан ары - Колледж) “Кыргыз тили жана адабияты”, “Кыргызстан тарыхы” жана “Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын (ДЖМА) формаларын жана өткөрүү тартибин, ошондой эле баалоо критерийлерин белгилейт.

1.2. Жобо «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө» Типтүү Жобого, И.Раззаков атындагы КМТУнун жана Колледждин жергиликтүү актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.3. ДЖМА «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстан тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы» курстарынын окуу пландарын билим алуучуларынын өздөштүрүү сапатын жыйынтыктоочу баа берүүнүн бир түрү болуп саналат жана бул дисциплиналарды окуп бүткөндөн кийин жүргүзүлөт.

1.4. «Кыргыз тили жана адабияты», «Кыргызстандын тарыхы» жана «Кыргызстандын географиясы» дисциплиналары боюнча ДЖМАны өткөрүүнүн максаты - Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттарында белгиленген, окуу планында каралган материалды билим алуучулардын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо.

1.5. “Кыргызстандын тарыхы”, “Кыргызстандын географиясы”, “Кыргыз тили жана адабияты” дисциплиналарын окуунун коомдук багыты – билим алуучуларды кыргыз элинин тарыхы, географиясы жана мамлекеттик тили, анын мамлекеттүүлүгү, материалдык жана руханий маданият боюнча жалпы гуманитардык жактан даярдоо болуп саналат.